Каралды

педагогикалык кеңешменин

№ 1 токтому

«2» 09 2022 - жыл

БЕКИТЕМИН

Х.Жээнбаев атындагы мектеп - лицейинин

директору Атаев Б.С.

# ИЙРИМ САБАКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1. Жалпы жобо

1.1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн бекитилип, окуу планынан сырткары жүргүзүлгөн ийримдик иштерди натыйжалуу уюштурууга карата жазылган.

1.2. Бул жобо мектептин Уставынын өнүктүрүү программасынын "Билим берүү жөнүндө" КР Мыйзамынын негизинде иштелип чыккан.

1.3. Ийримдик иштер кошумча билим берүүнүн негизгиси формасы катары иштейт жана мектеп – лицейинин окуу – тарбия иштеринин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

1.4. Ийримдердин иши жөнүндө жобо мектептин педагогикалык кеңеши менен макулдашып, мектептин директору тарабынан бекитилет.

1.5. Табыгый - эстетикалык багыттагы ийримдердин жетекчилеринин иштерине директордун орун басары ОББ ишке ашырат.

1.6. Ийримдер кызыкчылык максатта уюштурулат:

- окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн оптималдуу шарттарды түзүү;
- окуучулардын кызыкчылыктарын, ыктыярын жана талаптарын канааттандыруу;
- өз алдынча билим алуу жана чыгармачылык менен иштөө;
- кесиптик өзүн өзү аныктоо;
- физикалык өнүгүү.

1.7. Ийримдери мектептин мүмкүнчүлүктөрүн, коомдук социалдык талабын эске алуу менен балдар жана өспүрүмдөр тарабынан түзүлөт.

1.8. Мектептеги ийримдерди каржылоо булактары окуучулар үчүн бекер, мугалимдерге республикалык бюджет тарабынан төлөнөт.

## 2. Ийримдин ишинин максаттары

2.1. Ийримдин ишмердүүлүгү – окуучулар үчүн жашоонун өзгөчө чөйрөсү, максималдуу көп түрдүүлүк, формалдуу эмес, балдардын жеке кызыкчылыктарына жана каалоолоруна көңүл буруу.

2.2. Ийримдин ишмердүүлүгүн туура уюштуруу менен, ар бир окуучунун өзүн көрсөтүүгө, ийгилик сезимин өз башынан өткөрүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

2.3. Окуучулардын класстан тышкаркы бош убактыларын пайдалуу өткөрүүсүн уюштуруу.

2.4. Окуу предметтерин ийгиликтүү өздөштүрүүгө көмөктөшүү үчүн билимин, көндүмдөрүн кеңейтүү.

Сканировано с CamScanner

2.5. Окуучулардын чыгармачылык шыгын калыптандыруу жана өнүктүрүү.

2.6. Бүтүрүүчү класстын окуучуларын көз карандысыз өз алдынча жашоосуна адаптациялоого даярдоо.

2.7. Окуучулардын серегек жашоо образын калыптандыруу.

2.8. Окуучулардын жигердүү, активдүү жашоо позициясын, туруктуу моралдык сапаттарды ишке ашырууга тарбиялоо.

2.9. Сергек жашоо образын калыптандыруу.

### 3. Ийрим жетекчилеринин милдеттери

3.1. Мектептеги ийримдин жетекчиси окуу процессин коопсуз уюштурууга; сабак учурунда окуучулардын жашоосуна жана ден соолугуна жоопту болот.

3.2. Кокустук, кырсык учурунда жабырлануучуга биринчи жардам көрсөтүү боюнча чараларды көрөт, кырсык тууралуу дароо мектеп администрациясына кабарлайт.

3.3. Өзгөчө кырдаалда ийрим жетекчиси:

- жетекчиликке тез кабарлайт;
- балдарды эвакуациялоого катышат;
- жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтөт.

3.4. Ийрим жетекчилери төмөнкү документтерди даярдоосу зарыл:

- мектеп администрациясы тарабынан бекитилген жумушчу программасы;
- окуучулардын ийримге катышуусунун өздүк жумушчу журналына (элжур, ийрим журналы) белгилөө;
- методикалык иштелмелери камтылган пакалары, кошумча материалдары.

### 4. Ийрим берүүчүнүн укутары

4.1. Ийрим берүүчүлөр (мектеп администрациясы) төмөнкүлөргө укуктуу:

- ийрим жетекчилерине алдын ала маалымат берүү менен ийрим сабактарына катышууга;
- өндүрүштүн зарылчылыгына ылайык ийрим боюнча сабактардын графигин өзгөртүүгө, сунуштамаларды жасоого;
- ийримдин жетекчилерине жана алардын катышуучуларын ийримдин ишмердүүлүгү менен байланышкан мектептин кызыкчылыгын көздөгөн ар кандай конкурстарга, мектеп ичинде уюштурулган ар кандай иш чараларга тартууга.

### 5. Ийрим иштерин уюштуруу

5.1. Мектептеги ийримдерди уюштуруунун негизи – бул окуучулардын өз каалоолору, мугалимдердин мүмкүнчүлүктөрү жана мектептин материалдык – техникалык базасынын абалы болуп саналат.

5.2. Ийримдер окуучулардын негизги кызыкчылыктарынын төмөнкү багыттарына ылайык жүргүзүлөт:

- предметтик таанып билүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк;

Сканировано с CamScanner

- предметтик таанып билүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк;
- предметтик олимпиадаларга даярдоо, ЖРТга даярдоо;
- спорттук багыттарда;
- көл өнорчүлүк багыттарда;
- улуттук маданиятты өнүктүрүүдө.

5.3. Ийримдердин активдүүлүгү негизги окуу – тарбиялоо ишмердүүлүгү сыяктуу окуу жылынын башынан уюштурулат, б.а. 5 – сентябрдан баштап, 25 – майда мектеп – лицейинин окуу жылынын аяктоосу менен аяктайт.

5.4. Ийрим сабактарынын узактыгы 45 мүнөттү түзөт.

5.5. Ийримдин ишин уюштуруу жана өткөрүү жылдын башында түзүлгөн сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык, пландаштыруу жана отчёттуулукту көзөмөлдөө окуу бөлүм башчысына жүктөлөт.

5.6. Ийримдерди уюштурууга негиз болуп мугалимдин демилгеси, окуучулардын жана ата – энелердин каалоолору, өтүнүчтөрү, мектеп администрациянын сунушу болушу мүмкүн.

5.7. Окуучулардын ийримдик иштерге катышуусу ыктыярдуу негизде гана жүргүзүлөт;

5.8. Окуучу ийримден себептерин түшүндүрбөстөн билдирүү аркылуу чыгууга укуктуу жана аны ийримге күчтөп катыштырууга жол берилбейт.

5.9. Ийримдердин курамы жана ачылышы, о.э. алардын жетекчилерин дайындоо окуу жылынын башында мектеп директорунун буйругу менен аныкталат.

5.10. Ийримдин жетекчиси – ийримдин ишинин мазмуну үчүн, о.э. анын катышуучуларынын контингентин сактоо жана өнүктүрүү үчүн толук жоопкерчиликти өз мойнунуа алат.

5.11. Ийримдин мүчөлөрү жетекчиси менен бирге аткарылган иштер боюнча отчёттун формаларын жана ыкмаларын тандашат.

5.12. Ийримдер мектептин жалпы иш чаралары үчүн өз иштерин шайкеш келтирип, пландаштырат жана өзгөртүүлөрдү ар бир жарым жылдыкта киргизе алышат.

5.13. Ийримдердин ишмердүүлүгү сабактарды өткөрүүнүн түрдүү формаларын жана ыкмаларын камтыйт.

5.14. Ийримдердин ишинин натыйжасы болуп - бул окуучулардын эмгектери, балдар чыгармачылыгынын көргөзмөлөрү, о.э. спортко катышуусу жана жетишкендиктери, ар кандай деңгээлдеги олимпиадарга катышкан ийгиликтери саналат.

5.15. Ийримдик иштерде окуучуларга тереңдетилген билим берүү менен окутулат.

## 6. Корутунду

Бул жобо кошумча билим берүүнүн тиги же бул формасын жакшыртуу максатында мектеп администрациясынын, мугалимдердин, окуучулардын жана алардын ата – энелеринин демилгеси же сунуштоосу боюнча зарылдыгына жараша толукталышы же өзгөртүлүшү мүмкүн.

Сканировано с CamScanner